КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭМГЕК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ӨНҮГҮҮ МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ТРУДА И СОЦИАЛЬНОГО РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

Бишкек ш.

«16» апрель 2019ж. г. № 58

**Мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөөгө кайрылуу тартиби жана мамлекеттик жөлөкпулдарды чектөө тартиби жөнүндө жобого Усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү жөнүндө**

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 15-сентябрындагы № 530 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бир катар аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарына мыйзам иштеп чыгууга ыйгарым укуктарды өкүлдөө жөнүндө» токтому, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29- июнундагы № 307 «Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу» токтомун ишке ашыруу максатында **буйрук кылам**:

1. Бекитилсин:

1) мамлекеттик жөлөкпулдарды дайындоого кайрылуу тартиби жана мамлекеттик жөлөкпулду дайындоо тартиби жөнүндө жобого Усулдук көрсөтмөлөр (мындан ары – Усулдук көрсөтмөлөр) ушул буйруктун 1-тиркемесине ылайык;

2) «үй-бүлөгө көмөк» дайындоого арызды толтуруу тартиби тууралуу Усулдук көрсөтмө ушул буйруктун 2-тиркемесине ылайык.

2. Социалдык камсыз кылуу департаменти сунушталган Усулдук көрсөтмөлөрдү эске алуу менен мамлекеттик жөлөкпулдарды берүү маселеси боюнча райондор аралык, райондук жана шаардык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыктарына практикалык жана методикалык жардам көрсөтсүн.

3. Райондор аралык, райондук жана шаардык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыктарын начальниктери:

- мамлекеттик жөлөкпулдарды дайындоодо тиркелген Усулдук көрсөтмөлөрдү жетекчиликке алсын;
- мамлекеттик жөлөкпулдарды берүү маселеси боюнча калк менен түшүндүрүү иштерин, анын ичинде мамлекеттик маалыматтык

материалдарды колдонуу жана жалпыга маалымдоо каражаттарын катыштыруу менен дайыма өткөрсүн.

4. Райондор аралык, райондук жана шаардык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыктарын начальниктерине мамлекеттик жөлөкпулдарды туура жана өз убагында дайындоого жана төлөөгө жеке жоопкерчилик жүктөлсүн.

5. Маалыматтык технологиялар бөлүмү камсыз кылсын:

- мамлекеттик жөлөкпулдарды дайындоо, кайра эсептөө жана төлөө, ошондой эле кирген жана кеткен маалыматтарды түзүү бөлүгүндө социалдык жардамдын корпоративдик маалыматтык системасынын жөнгө салынган ишин;

- социалдык жардамдын корпоративдик маалыматтык системасынын башка ведомство ичиндеги маалыматтык системалар (эмгек рыногунун маалыматтык системасы, «Интернат тибиндеги балдар мекемелеринин маалыматтык-аналитикалык системасы», «Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар жана улгайган жарандар үчүн социалдык – стационардык мекемеде мамлекеттик камсыздоодо турган, камкордукка алынган адамдардын башка маалыматтык системасы» менен өз ара кызматташууну;

- «электрондук мамлекеттик кызматтар порталы» мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү боюнча сайттын маалыматтары менен социалдык жардамдын корпоративдик маалыматтар системасынын маалыматтарын интеграциялоо жана иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн;

- бул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күн ичинде Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин веб-сайтына жана ftp-серверге жайгаштырууну камсыз кылсын.

6. Үй-бүлөнү жана балдарды колдоо жана мамлекеттик төлөмдөр боюнча башкармалык, бул буйрук:

- катталган күндөн тартып үч жумушчу күн ичинде буйрукту расмий жарыялоо үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жиберсин;

- расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күн ичинде бул буйруктун көчүрмөсүн мамлекеттик жана расмий тилдердеги эки нускада, кагаз жүзүндө жана электрондук түрдө жарыялоо булактарын көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине Укуктук ченемдик актылар реестрине киргизүү үчүн жиберсин;

- расмий күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күн ичинде буйруктун көчүрмөсүн маалымат үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жиберсин.

7. Документтик камсыз кылуу жана администрациялык колдоо бөлүмү бул буйрукту жана тиркелген Усулдук көрсөтмөлөрдү аткаруучуларга жеткирсин.

8. Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин 2015-жылдын 15-декабрындагы № 82 «Мамлекеттик жөлөкпулдарды берүү жөнүндө Усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү тууралуу» буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

9. Бул буйрук кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

10. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары А. Солтонбековага жүктөлсүн.

**Об утверждении Методических указаний к Положению о порядке обращения за назначением государственных пособий и порядке назначения государственных пособий**

В соответствии со статьей 8 Закона Кыргызской Республики «О нормативных правовых актах Кыргызской Республики, постановления Правительства Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Правительства Кыргызской Республики ряду государственных органов исполнительной власти» от 15 сентября 2014 года № 530, а также в целях реализации постановления Правительства Кыргызской Республики «О реализации Закона Кыргызской Республики «О государственных пособиях в Кыргызской Республике» от 29 июня 2018 г. № 307 **приказываю:**

4. Утвердить:

1) Методические указания к Положению о порядке обращения за назначением государственных пособий и порядке назначения государственных пособий (далее – Методические указания), согласно приложению 1 к настоящему приказу;

2) Методические указания о порядке заполнения заявления на назначение «уй-булого комок» согласно приложению 2 к настоящему приказу.

5. Департаменту социального обеспечения оказывать практическую и методическую помощь межрайонным, районным и городским управлениям труда и социального развития по вопросам предоставления государственных пособий с учетом прилагаемых Методических указаний.

6. Начальникам межрайонных, районных и городских управлений труда и социального развития:

- руководствоваться прилагаемыми Методическими указаниями при назначении государственных пособий;

- проводить на регулярной основе разъяснительную работу с населением по вопросам предоставления государственных пособий, в том числе с использованием информационных материалов и привлечением средств массовой информации.

4. Возложить персональную ответственность за правильное и своевременное назначение и выплату государственных пособий на начальников межрайонных, районных и городских управлений труда и социального развития.

5. Отделу информационных технологий обеспечить:

- отлаженную работу корпоративной информационной системы социальной помощи в части назначения, перерасчета и выплаты

государственных пособий, а также формирования входных и выходных данных;

- взаимодействие корпоративной информационной системы социальной помощи с другими внутриведомственными информационными системами (информационной системой рынка труда, «Информационно-аналитической системой детских учреждений интернатного типа», «Информационной системой подопечных лиц, находящихся на государственном обеспечении в социально-стационарных учреждениях учреждении для лиц с ограниченными возможностями здоровья и пожилых») и информационными системами государственных органов;

- возможность интеграции и обработки данных корпоративной информационной системы социальной помощи с данными сайта по предоставлению государственных услуг «портал электронных государственных услуг»;

- в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу настоящего приказа обеспечить размещение настоящего приказа на веб-сайте Министерства труда и социального развития Кыргызской Республики и ftp-сервере.

6. Управлению по поддержке семьи и детей и государственных выплат в течение трех рабочих дней со дня:

- регистрации настоящего приказа направить приказ в Правительство Кыргызской Республики для официального опубликования;

- официального опубликования настоящего приказа направить копию приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках, на бумажном и электронном носителях, с указанием источника опубликования, в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Реестр нормативных правовых актов;

- вступления в силу настоящего приказа направить копию приказа в Правительство Кыргызской Республики для информации.

7. Отделу документационного обеспечения и административной поддержки довести настоящий приказ и прилагаемые Методические указания до исполнителей.

8. Признать утратившим силу приказ Министерства труда и социального развития Кыргызской Республики «Об утверждении Методических указаний о предоставлении государственных пособий от 15 декабря 2015 г. № 82.

9. Настоящий приказ вступает в силу со дня подписания.

10. Контроль за выполнением настоящего приказа возложить на А. Солтонбекову – заместителя министра.

**Министр** **У. Кочкоров**